| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**ШУМКАР-УЯ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ШУМКАР-УЯ** |

**Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин II чакырылышындагы депутаттардын кезектеги I сессиясынын**

# № 1 ТОКТОМУ

**23-январь, 2026-жыл** **Сасык-Булак айылы**

**Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн 2025-жылга карата жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2026-жылга карата жергиликтүү бюджетин жана 2027-2028-жылдарга болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө**

1. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2025-жылдагы жергиликтүү бюджетинин аткарылышы канаттандыраарлык деп табылсын.
2. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүмү боюнча 450 000,0 миң сом өлчөмүндө, чыгашалар боюнча 450 000,0 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
3. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2026-жылдагы бюджетинин киреше булагы №1 тиркемеге ылайык булактардан түшүүчү каражаттардын эсебинен түзүлө тургандыгы аныкталсын.
4. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2026-жылга чыгаша бөлүмү боюнча №2 тиркемеге ылайык чыгаша булактарынан турары белгиленип бекитилсин.
5. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2026-жылга карата жергиликтүү бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолдуу долбоору 2-3-4- тиркемелерге ылайык бекитилсин.
6. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2025-жылга карата салык агенти төлөгөн киреше салыктын аткарылышы 214654,5 миң сомду түзгөн, 2026-жылга Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлиги тарабынан 278323,3миң сом контролдук цифра берилип, бекитилди. Бирок бул акча каражаты түшпой калышы ыктымал, ошол себептен сумманын айырмасын алты айдын жыйынтыгы менен кыскартып берүү жагы сунушталсын.
7. Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык, бюджетке каралбаган чыгымдарды жабуу үчүн жалпы бюджеттик чыгашалардын эсебинен 4500,0 миң сом өлчөмүндө Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн резервдик фонду түзүлсүн.
8. Резервдик фондду башкаруу Шумкар-Уя айыл аймагынын башчысы тарабынан жүргүзүлсүн.
9. Шумкар-Уя айыл аймагынын башчысына, кызматкерлерине жана айылдык кеңештин төрагасы жана катчысына зарыл болгон учурда командировкалык чыгымдар каралып турсун.
10. Шумкар-Уя айыл аймагынын 16 штаттык бирдиги, айылдык кеңешинин 2 штаттык бирдиги, Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 01.08.2022-жылдагы №433 Токтомунун, Кыргыз Республикасынын Президентинин 01.08.2022-жылдагы Жарлыгынын министрлер кабинентинин 07.02.2024-жылдагы №52 Токтомунун негиздеринде, айыл башчылар 5 жана контракттык орундар, Министрлер кабинетинин 12.07.2024-жылдагы №381 токтомунун негизинде жана айыл аймакка караштуу маданият бөлүмүнө клуб башчы 2 кызматкер, 4 китепканачы Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү токтомунун негизинде бекитилсин. Эмгек маянага штаттык кызматкерлердин иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы,

кесиптик демилге көрсөткөндүгүнө байланыштуу өкмөт башчынын буйругунун негизинде 10%-100%га чейин, ал эми котракттык негизде иштеген кызматкерлерге 40%га чейин үстөк акы төлөнүп берилсин жана үстөк акы үчүн 7244,2 миң сом акча каражаты каралсын, ошондой эле жумуш учурунда автокырсыктан жабыркаган Н.Кыдыралиевге айына 10,9 миң сом компенсация төлөнүп берилсин.

11. Шумкар-Уя айыл аймагынын 2026-жылга социалдык-экономикалык өнүгүү программасы жана 2027-2028-жылга долбоору бекитилсин.
12. Шумкар-Уя айыл аймагындагы Ж.Молдосан, “Кошойбек-ата” атындагы жана жаны ачыла турган 120 орундуу бала бакчаларынын атайын каражат эсеп счетундагы киреше булагы ата-энелер төлөмдөрүнөн ар бир балага 1200 сом өлчөмүндө бекитилип, чогулган 1600,0 мин сом “Кошойбек-Ата”, 1580,0 миң сом Ж.Молдосан, ал эми жаны ачыла турган бала бакча 1120,0 мин сом, жалпы 4300,0 миң сом, чыгаша бөлүмү 4300,0 миң сом бекитилсин жана 2025-жылдан калган 237,4 миң сом акча каражаты 2026-жылда балдардын тамак ашына каралып, бала бакчанын атайын эсеп счетуна отургузулсун.
13. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 109-беренесине ылайык, Шумкар-Уя айыл аймагынын мекеме-уюмдарын жыл ичинде каржылоого, чыгымдарына зарыл болгон учурда ар бир бөлүмдөн бөлүмгө, чейректен чейрекке жылдыруу жагы Шумкар-Уя айыл аймагынын финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Н.Бузурманкуловага жүктөлсүн.
14. Жергиликтүү бюджетти бекитүүдө 3111 беренесине каралган акча каражаты айыл аймактагы имарат жана курулуш иштеринин түзүлүп келген долбоордук-сметалык документтеринин негизинде жумшалсын.
15. Кабыл алынган токтомду Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн сайтына жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актылардын мамлекеттик реестринен каттоодон өткөрүүнү көзөмөлгө алуу жагы Шумкар-Уя айылдык кенешинин жооптуу катчысына (Джумашова Н.) милдеттендирилсин.
16. Токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Шумкар-Уя айылдык кенешинин “Бюджет жана муниципалдык менчик башкаруу боюнча” туруктуу комиссиясынын төрагасына (Султанбек уулу Бекболсун) тапшырылсын.
17. Ушул токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Борукеев**